БЕКИТЕМ
Шарыпбек Абдылдаев атындагы
орто мектебинин директору:
_____________ Т. У. Исаев
1.09.2022-жыл

**Өрт коопсуздугунун нускамасы**

1. Мектептин имаратынын өлчөмүнө карабастан, өрт өчүрүү жабдуулары, эвакуациялык планы, өрт сигнализациясы болушу керек. Өрт нормаларын жана коопсуздугун сактоо үчүн директор, чарба башчы жооптуу;
2. Ар бир кызматкерге окуу жылынын башталышында өрт коопсуздугу боюнча инструктаж өтүлүп, коопсуздук техникалык журналына кол койдурушу керек;
3. Мектеп ичинде кызматкерлер жана окуучулар арасында өрткө каршы кошун түзүлүш керек;

**Окуучулар арасында:**

1. Ар бир класс жетекчи окуу жылынын башталышында өрт коопсуздугу боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, кол койдурушу керек;
2. Иш чараларды жүргүзүүдө өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо үчүн класс жетекчи жооопкерчилик алат.
3. Жалпы мектептик массалык иш – чараларды жүргүзүүдө өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо менен бирге класс жетекчи, мугалимдер жана администрация мүчөлөрү катышып, жоопкерчилик жүктөлөт.
4. Массалык иш – чаралар өткөн жердин сыртка чыгуу эшиктери кулпу жана башка нерселер менен катуу бекитилбеши керек.
5. Иш – чаралар өткөн жерлерде өрттү пайда кылуучу жардыргыч, химиялык заттарды жана өрт алып келүүчү нерселерди пайдаланууга тыюу салынат;
6. Өрт башталган учурда:

- тез аранын ичинде 101 телефонуна чалуусу керек;
- дежур мугалим же болбосо администрация мүчөсү 7 (жети) жолу узун сигнал басуусу зарыл;
- терезелерди ачууга болбойт, себеби аба өрттү андан ары да күчөтөт;
- сабак берип жаткан мугалимдер тез аранын ичинде журналды жана окуучуларды көрсөтүлгөн эвакуациялык план боюнча катарга тизип тепкичтин оң жагы менен алып чыгып, мектептин аянтчасына тизип, окуучуларды тактап мектеп директоруна же дежур администрация мүчөсүнө маалымат бериши керек;
- өрткө каршы түзүлгөн кошундун мүчөлөрүнө өрт чыккан жер боюнча маалымат берүү керек.